**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**БУРАНА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**БУРАНИНСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Дөң-Арык а. с.Дон-Арык

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

# ТОКТОМ

2023-жыл « 18 » апрель № 21

**“Тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу” боюнча жергиликтүү маанидеги маселени чечүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн/иштердин, функциялардын жана милдеттердин тизмесин бекитүү тууралуу.**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык, Бурана айыл өкмөтүнүн башчысынын “Тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу” жөнүндө сунушу боюнча, Буран айылдык кеңеши токтом кылат:

ТОКТОМ

1. Бурана айыл өкмөтүнүн жергиликтүү маанидеги “тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана чыгарууну уюштуруу” маселесин чечүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн/иштердин, функциялардын жана милдеттердин тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы бекитилген функцияларды аткаруу, тейлөөнү уюштуруу жана милдеттерди аткарууга тийешелүү, бул токтомдун аткарылышын камсыз кылсын.
3. Буран айылдык кеңешинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги №21 токтому Чүй областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика,бюджет,салык жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага А.Б.Исагалиев

Таркатуу:көктөмө, а/ө башчысы,туруктуу комиссиясы -баардыгы 3 нуска

Бурана айылдык кеңешинин
2023-жылдын 18-апрелиндеги
№ 21 -токтомуна тиркеме

**Жергиликтүү маанидеги “тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу” маселесин чечүү боюнча кызматтардын/иштердин, функциялардын, милдеттердин тизмеси**

| № | Кызматтын/функциянын/милдеттин аталышы | Аткаруу үчүн жоопту |
|---|---|---|
| | **1. Кызматтар** | |
| 1.1. | Жеке жана юридикалык жактар үчүн тиричиликтеги катуу калдыктарын (ТКК) чыгаруу жана жок кылуу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 1.2. | Курулуш таштандыларын чыгаруу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| | **2. Функциялар** | |
| 2.1. | Айыл аймагын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда катуу калдыктарды жыйноо, ташып чыгаруу жана жок кылуу боюнча Бурана айыл өкмөтүнүн иш-аракеттерин пландаштыруу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.2. | Юридикалык жана жеке жактар үчүн ТККнын топтоо нормасын эсептөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.3. | Катуу таштандыларды чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн тарифти эсептөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.4. | Бурана айыл өкмөтүнүн жылдык иш планында катуу калдыктарды чогултууну жана ташып чыгарууну пландаштыруу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.5. | Таштанды жайда катуу таштандыларды жок кылуу боюнча иштерди пландаштыруу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.6. | ТККны ташып чыгаруу жана жок кылуу боюнча тарифтерди төлөө үчүн жарандардын жеңилдетилген категорияларын аныктоо | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.7. | ТККны алгачкы чогултуу жана сактоо боюнча контейнердик аянтчаларды жайгаштыруу үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.8. | ТККны чогултуу үчүн жайларды жайгаштыруунун технологиялык картасын иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы |

| | | |
|---|---|---|
| 2.9. | ТККны чогултуу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүчүнү тандоо/дайындоо | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.10. | Юридикалык жана жеке жактарга көрктөндүрүү эрежелери жөнүндө маалымат берүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| | **3. Милдеттенмелер** | |
| 3.1. | ТККны чогултуу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүчүгө атайын жабдууларды сатып алуу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 3.2. | Жарандардын аярлуу топторуна субсидияларды төлөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев